УДК: 949 (572.2) (04)

**Арзыбаев Тыныстан Кадырович,**
тарых илимдеринин кандидаты,
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

## КААДА-САЛТТАРДЫН ЖАНА ҮРП-АДАТТАРДЫН ТАРБИЯЛЫК ОРДУ

**Арзыбаев Тыныстан Кадырович,**
кандидат исторических наук,
Национальная академия наук Кыргызской Республики

## ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ МЕСТО ТРАДИЦИЙ И ОБЫЧАЕВ

**Tynystan Arzybaev,**
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Bishkek,
candidate of historical sciences

## THE EDUCATIONAL PLACE OF TRADITIONS AND CUSTOMS

**Аннотация.** Бул макалада кыргыз элинин калыптануу процесси өтө татаал жана эки миң жылдан ашуун убакытка созулган, этнос болуп калыптангандан бери тарыхтын татаал жолунан басып өтсө да, улут катары өзүнчө өзгөчөлүктөрүн сактап, бүгүнкү күндө өз маданиятына, руханий байлыгына ээ көз карандысыз эгемендүү мамлекетке айланды. Өзгөчөлүктөр дегенибиз эле ошол улуттун тарыхы, тили, дини, каада-салты эмеспи. Башка элдерден кыргыздар бай маданий мурасы жана өзүнө гана тиешелүү каада-салты менен айырмаланат. Ата-бабаларыбыз илгертен өзүнүн турмуштук түшүнүктөрүн, дүйнө таанымын билдирген элдик каада-салттарды, үрп-адат, ырым-жырымдарды жаратты. Азыркы учурунда айрым саясий көз караштардын таасирине кабылып, бир топ өзгөрүүлөргө, жаңылануута дуушар болуп келүүдө.

**Негизги сөздөр:** каада, салт, тарых, маданият, үй-бүлө, улут, маданият.

**Аннотация.** В данной статье процесс формирования кыргызского народа очень сложен и длился более двух тысяч лет. Хотя он прошел трудный исторический путь с момента своего формирования как этноса. Он сохранил свои особенности как нации. и сегодня стала независимым суверенным государством со своей культурой и духовным богатством. Под особенностями мы подразумеваем историю, язык, религию и обычаи этой нации. Кыргызский народ отличается от других народов своим богатым культурным наследием и уникальными традициями. Наши предки издавна создавали народные традиции, обычаи и обряды, выражавшие их представления о жизни и мировоззрении. В настоящее время на него повлияли определенные политические взгляды, и он претерпевает множество изменений и обновлений.

**Ключевые слова:** обычай, традиция, история, культура, семья, нация, культура.

**Abstract.** In this article, the process of formation of the Kyrgyz people is very complex and lasted more than two thousand years. Although it has gone through a difficult historical path since its formation as an ethnic group, it has retained its characteristics as a nation. and today has become an independent sovereign state with its own culture and spiritual wealth. By characteristics we mean the history, language, religion and customs of that nation. The Kyrgyz people differ from other nations with their rich cultural heritage and unique traditions. Our ancestors have long created folk traditions, customs and rituals that expressed their ideas about life and worldview. It is currently influenced by certain political views and is undergoing many changes and updates.

**Keywords:** custom, tradition, history, culture, family, nation, culture.

Кыргыз элинин салты башка элдерге караганда өзүнүн уникалдуулугу менен айырмаланып турат. Темабыздын негизи болгон каада- салты деген эмне, ата-бабадан мурас болуп келген нарк-насил деген эмне? Каада-салт, нарк-насил тарыхыбызды жоготпой келген тарыхыбыздын уңгусу. Бул нерселер кыргыз элинин турмушунда байыртадан эле жашап келет жана жашай бермекчи. Каада-салт, нарк-насил улуттун жүзү, улуттун муундан муунга сакталуучу мурасы.

Ар бир элдин өздөрүнө таандык салт-санаасы, маданиятына жараша тарыхын жөнгө салып муундан муунга мурастап тарыхын сактоо менен тарбиялап келет. Ар бир эл каада, салт-санаасын билиш үчүн үй-бүлөлүк мамилеле башкы орунда турат. Себеби ар бир элдин, анын ичинде кыргыздарды ар кандай ырым-жырым, үрп-адат, каада-салттары коштоп жүрөт. Бала төрөлгөндөн баштап акыркы мезгилге чейинки жашоосунда түрдүү каада-салттар, үрп-адаттар мыйзамченемдүү көрүнүш. Каада-салт, үрп-адат келечек муунду тарбиялоодо ролу чоң. Коомдо коштоп жүргөн ар кандай ырым-жырым, салт-санаалар ар бир эл мезгил өткөн сайын өздөрүнүн талабына ылайык кеңири колдонулат. Ар бир элдин этнос болуп калыптанышы, тээ байыртадан баштап, үй-бүлөлүк мамилелердин түзүлүшүнө чейин эле болгондугун тарыхый маалыматтардын негизинде биле алабыз.

Каада – салт, үрп – адаттар коомдун шартына жараша ар-кандай өзгөрүүлөргө туш келет. Коомдо болуп туруучу ар кандай жагдайлардын ортого чыгышы жана сырткы күчтөрдүн атайын максатталган иш – аракеттеринен улам өзгөрүү, бурмалоолорго учурап калышы анык. Мындай көрүнүш тарыхта болуп келген, боло берет. Кыргыз элинин каада-салттары, үрп-адаттарынын тарбиялык маанис чоң. Биз жогоруда айтып өткөндөй коомдун агымана карап өзгөрүүгө учурап, бирок түпкү нускасын сактап келет. Азыркы учурда бата берүү салтын алып карасак. Бир мезгилде ата-бабаларыбыз берип келген баталардан бир топ башкачараак десек болот. Түп нускасын жогото элек. Ар-кандай өзгөрүүлөргө учурап, унуткарылууга мажбурланса дагы ал өзүнүн түпкү нугун бузбай сактап кала берет. Элдин аң – сезиминде жашап, жашоо – турмушуна сиңип калган ата – баба салтын түп тамырынан жок кылууга эч мүмкүн эмес деп ойлойбуз. Жашоо шартка, коомдун жүрүшүнө карай ыңгайлашуусу ыктымал. Анын сыңары жашоодо идеологиянын талабына ылайык улуттук баалуулуктар менен кошо элдик салт – санааларды да жок кылууга багытталган иш – аракеттер болуп келген. Баары бир элдин кан - жанына сиңип калган тилин, каада - салтын элден бүтүндөй ажыратып сала албайт деп эсептейм. Ар бир эл эгемендүүлүккө ээ болуп, өзүнүн тилине, тарыхына түп башатына кайрылып, улуттук өзгөчөлүктөрүнө баа берип аздектөөгө өттү. Өзгөчө акыркы жылдары тарых, тил, каада – салт маселелери актуалдуу болуп, алардын тегерегинде иш-чаралар жүргүзүлүүдө.

Ар бир элдин өзгөчөлөнгөн тарыхыи, тил, элдин өзүнө таандык каада – салты, маданияты, улуттун улут экендигин билгизип, таанытып, башка элдерден айырмалап, өзгөчөлөнүп турат.

Кыргыздардын үрп – адат, каада - салттары маңызы боюнча бай жана татаал этномаданий комплекс болуп саналат [6]. Кыргыз элинин улуттук каада–салты, аркайсы мезгилдерде колдонулуп, кылымдар бою атадан балага, укумдан тукумга берилип келе жаткан элибиздин өзүнө гана таандык болгон асылдык сапаттары, руханий дөөлөтү. Каада-салт, үрп –адат ар-бир элдин коомдогу өзгөрүүлөргө карай багыт алып, жаңы маданият, жаңы көз караштар менен камыр-жумур болуп жашоо шартка ылайыктап өзгөрүүлөргө туш болоору анык. Ошондой болсо да түпкү нускасын жоготпой элдин жашоосу менен жашап келет.

Айтып өтсөк бир мезгилде жарчы деген болчу. Жарчылар боло турган жакшылыктарды жана болуп жаткан жакшылыктарды шаан-шөкөтсүз элге айтып жеткирчү. Акыл-насаат, тилек, бата камтылып кетет. Жарчылар болуп жаткан тойду, дей турган болсок. Элдин көңүлүн тойго бурдурчу.

Багытына карай калоо тилектерди жана жакшы жактары менен кошо келечегине да жакшы тилектерди камтый кетчү.

Тарыхый мурастарга анализ жүргүзүү менен бирге улуттук баалуулуктарыбызды элге билдирип, сездирип, аларды кийинки

муундарга аздектеп калтыруу үчүн эмнелерди кылуу керектигине жоопту издеп, аларды илимий негизде ата - бабадан калган салт, үрп-адат, каада деген терминдердин маани - маңызын так билүүбүз парз. Салт «Салт» сөзүн жалпылык, туруктуулук[7] мүнөзгө ээ болгон, улуттук психологияны чагылдырган, элибизде кабыл алынып, калыптанып калган жашоонун, жүрүм - турумдун, адамдардын ортосундагы мамиленин чен өлчөмү, көрсөткүчү катары кароого болот.

Ар бир элдин жашоонун башталышында эле дүйнөгө келгенден баштап, ар-бир эл, ата-бабалардан калган мурас катары каада-салт, үрп-адаттар менен баштайбыз. Наристе төрөлгөндөн баштап оозантуу, жакшы тилек менен ырымдап ат коюу, жэнтек берүү, бешик той өткөрүү, келечеги кең болсун, чалынбай шыр бассын деген тилек менен тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу, уул үйлөө, кыз узатуу, маркумду акыркы сапарга узатуу ж.б. салттар өзүнчө аткарылуучу жөрөлгөлөрдөн, ырым-жырымдардан турат.

**Салт** – муундан муунга, атадан-балага укумдан тукумга берилген маданияттын түрү. Салт, узак убакыт бою сакталуучу маданий мурас, белгилүү бир коомдук тартип, жүрүм - турум эрежелери, дөөлөттөрү, идеалдары, каадалары жана адаттары. Салтты муундан муунга тынымсыз өтүп, узак мөөнөт бою сакталып келген мурас десек болот. Салт мезгил шартына карай өзгөрүп, кээде кайталанып турат. Кайталанбаган нерсе салт боло албайт десек болот. Бирок эски көрүнүш жаңы муунда алымча-кошумчаларга дуушар болуу менен жоголбой келет. Салттын сакталышы ар бир элдин ага карата болгон мамилеси менен туюндурулат. Окумуштуу Х. Карасаевдин сөздүгүндө салт, үрп - адат, урмат, атак - даңк, шаан - шөкөт, кадыр – барк [5] маанилеринде [4] берилип, аталган сөздөрдүн ар бири өзүнчө мааниге ээ болгонуна карабай, синоним сөз катары белгиленген. Каада билген каарысы, ак сакалдуу баарысы. (Манастан), Ал каадасынча колун бооруна алып саламдашты. Коноктор өз каадасы менен узатылды. Бул сүйлөмдөрдө каада сөзү ар кандай мамиленин, жүрүм - турумдун өзүнүн эреже катары калыптанган этикети маанисинде берилип жатат.

Үрп - адат ал эми «үрп - адат» деген сөз каада - салт менен бирге колдонулган учурлар лексиконубузда көп кездешет. Окумуштуу К. К. Юдахин «үрп -адат» деген сөздү «улуттук салттардын жыйындысы»[9] катары түшүндүрөт. Адатта каада - салт сөзү мурда келет да, үрп - адат каада - салттын бир бөлүгү катары кызмат кылат. Үрп - адат жана каада - салт түшүнүгү көпчүлүк убакта бирдей деңгээлде каралып, анык мааниси ачылбай келет. Бул сөздөр экөө тең улуттук руханий маданиятты түшүндүрүп, окшоштук жактары болгону менен, алардын колдонулуш чөйрөсү жагынан айрымачылыктарды байкоого болот. Бул тууралуу Б.Солтонбеков: «Үрп - адаттын каада - салттан айрымасы – анын конкреттүү, тагыраак мүнөзгө ээ болгондугунда»[8] дейт. Чындыгында үрп - адат сөзү турмуш - тиричилик, үй - бүлө маселелерин ичине камтып, каада - салттын бөлүгү катары кызмат кылат. Үрп - адат, диний ырым - жырымдар, ата - бабалардан бери турмуш - тиричиликте, күндөлүк өмүр жашоодо колдонулуп келаткан эреже-тартиптердин системасы болуп саналат. Аларга курман айт, орозо айт, кой союу, аластоо, ысырык салуу ж. б. атоого болот. Демек, үрп - адат коомдук психологияга, салт болсо идеялогияга жакын. Каада - салт коомдук мамилелердин негизги принциптерин, муну менен чогуу үрп - адатты, ырым -жырымдарды да өз ичине камтыйт [1].

Элдин руханий маданияты болуп саналган каада - салттардын турмушубуздан солгундап же таптакыр жоголуп кетиши улуттук белгинин, маданияттын жоголуп кетүү коркунучун жаратат [2]. Муну улуу даанышман, жазуучу Ч. Айтматов да байкап: «Жаны нерсе мени, албетте, кубантат. Бирок ошону менен бирге андагы айрым нерселер кээде өкүнүү сезимин пайда кылбай койбойт. Менин айылдаштарым азыр баарысы сабаттуу, техниканы да башкара билишет, мунусу жакшы, бирок бир өкүндүргөн жагы – алар биринчиден, элдин мыкты, алгылыктуу салттарын унутуп баратышат, экинчиден, өздөрүнүн башка элдерге окшобогон ички, кайталангыс маданиятына маани берип аны ар дайым урматтай [3]- деп өкүнүү менен ой бөлүшкөн. Ырасында да азыркы жаңы заманда заманбап өзгөрүүлөрдү кабыл

алсак да өзүбүзгө пайдалууларын гана алып, ал эми улуттук салт – санаабызды четке чыгарып салбай, жаңы замандын жаңы өзгөрүштөрү менен айкалыштыра колдонуу биздин пикирибизче максатка ылайыктуу болмок. Анткени ата - бабадан келе жаткан салтты сактоо - аны сыйлагандыкка жатат жана өз элибиздин асыл сапаттарын баалоого үйрөтөт, турмушубузду кооздойт жана жаштардын келечек турмушу тууралуу кам көрүүгө үйрөтөт. Ошондуктан элибиздин кылымдардан бери келе жаткан рухий мурасы катары саналып, башка улуттардан айрымалап, турмушубузга көрк берип, жаш жеткинчектерди тарбиялоодо өз салымын кошуп келе жаткан улуттук этномаданиятыбыз тууралуу иликтөө ишин жүргүзүү ар дайым актуалдуу.

Каада-салттар жана үрп-адаттар жаш муундарды тарбиялоодо, алардын дүйнө таанымын, баалуулуктарын жана жүрүм-турум нормаларын калыптандырууда чоң роль ойнойт. Алар маданий идентүүлүктүн жана коомдук биримдиктин негизи болуп саналат. Ааламдашуу жана технологиялык прогресс процесстери турмуштун бардык чөйрөлөрүнө олуттуу таасирин тийгизип жаткан азыркы дүйнөдө салттарды жана үрп-адаттарды сактоо жана өткөрүп берүү маданий өзгөчөлүктү жана муундардын улантуусун сактап калуу үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Каада-салттар жана үрп-адаттар тарбиялоодо бир нече негизги функцияларды аткарат:

- Маданий мурастарды өткөрүп берүү: салттар жана үрп-адаттар билимди, тажрыйбаны жана баалуулуктарды муундан-муунга өткөрүп берүү каналдары болуп саналат. Бул маданий мурастардын сакталышын камсыздайт жана ата-бабалар менен байланыш сезимин сактайт.

- Моралдык-этикалык нормаларды калыптандыруу: Каада-салттар жана үрп-адаттар жүрүм-турумдун жана адеп-ахлактык баалуулуктардын белгилүү бир нормаларын бекемдейт, бул балдардын жана жаштардын иш-аракеттеринде жана чечимдеринде так көрсөтмөлөрдү калыптандырууга өбөлгө түзөт.

- Социалдык интеграция: салттуу иш-чараларга катышуу жана каада-салттарды сактоо коомдук байланыштарды чыңдап, инсандардын коомго аралашуусуна шарт түзөт. Бул балдарга жана жаштарга өздөрүн коомдун бир бөлүгү катары сезүүгө жардам берет жана алардын жакындарына жана бүтүндөй коомдун алдында жоопкерчилик сезимин ойготот.

-  Улуттук өзгөчөлүктү өнүктүрүү: Каада-салттарды жана үрп-адаттарды билүү жана сактоо өсүп келе жаткан муундун тигил же бул маданиятка таандык экенин түшүнүүгө жардам берет, бул улуттук сыймыкты калыптандырууга жана өзүн-өзү таанууга өбөлгө түзөт.

Тарбиялоодо салттарды жана үрп-адаттарды ийгиликтүү колдонуп, алгылыктуу натыйжа алган өлкөлөр:

1. Япония: Жапон мектептери жана үй-бүлөлөрү балдарга чай аземи, икебана жана каллиграфия сыяктуу салттуу искусствону үйрөтүүгө чоң маани беришет. Бул маданиятка жана каада-салттарга урмат көрсөтүүгө жардам берет.

2. Россия: Орусия салттуу түрдө Масленица, Рождество жана Пасха сыяктуу майрамдарды белгилейт, анда элдик оюндар, ырлар жана бийлер. Бул маданий мурастарды сактоого жана балдарда улуттук өзгөчөлүк сезимин калыптандырууга өбөлгө түзөт.

3. Индия: Индияда мектеп программасына көбүнчө улуттук бийлерди жана музыканы үйрөнүү, ошондой эле фестивалдарга жана диний жөрөлгөлөргө катышуу кирет. Бул балдарга өздөрүнүн маданий өзгөчөлүгүн жакшыраак түшүнүүгө жана баалоого жардам берет.

Каада-салт жана үрп-адаттар билим берүү процессинде маанилүү роль ойноп, маданий мурастарды жеткирүүгө, моралдык-этикалык нормаларды калыптандырууга, коомго интеграциялоого жана улуттук өзгөчөлүктү өнүктүрүүгө салым кошот. Ааламдашуу жана маданий биригүү шартында маданий көп түрдүүлүктү жана муундардын уланууусун сактоо үчүн каада-салттарды жана үрп-адаттарды сактоого жана өткөрүп берүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Тарбия процессинде каада-салттарды, үрп-адатты эффективдүү колдонуу инсандын гармониялуу өнүгүшүнө, коомдун чыңдалышына шарт түзөт.

**Адабияттар:**
1. Акматалиев А. Каада – салт, үрп – адат, адамдык оң – терс сапаттар. –Б.: 2002. 400-б.
2. Айтматов Ч. 5 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы. 1 – том, -Б.: 1999. 248-б.
3. Айтматов Ч. Чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы. Түзгөн: Акматалиев А. –Б.: 2008. 27-б.
4. Карасаев Х, «Өздөштүрүлгөн сөздөр», сөздүк,Ф., 1986 . 344-б.
5. Карасаев Х. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Ф.: Мектеп,-1984. 417-б.
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү», Б, 2015, 1-2-китеп . 37-б.
7. Оморов А. «Ата-бабалар табериги», Б., 2011-ж. 57-б.
8. Солтонбеков Б. Кылымдарды карыткан кыргыздардын каада-салттары -Б.: -2000, 4- б.
9. Юдахин К. Кыргызча-орусча сөздүк, Б., «Шам», 2000. 325-б.

УДК: 2-4(575.2)(04)

**Закирова Атыргүл Сатаралиевна**
КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология
жана этнология институтунун илимий кызматкери

## СТАМБУЛДАГЫ КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫНЫН АДАПТАЦИЯСЫ ЖАНА ӨЗДҮГҮН АНЫКТООДОГУ ДИНИЙ ПРАКТИКАЛАРДЫН РОЛУ

**Закирова Атыргүл Сатаралиевна**
Научный сотрудник Института истории, археологии
и этнологии имени Б.Джамгерчинова НАН КР

## РОЛЬ РЕЛИГИОЗНЫХ ПРАКТИК В АДАПТАЦИИ И САМОИДЕНТИФИКАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ МОЛОДЕЖИ В СТАМБУЛЕ

**Zakirova Atyrgul Sataralievna**
Researcher at the B.Dzhamgerchinov Institute of History, Archeology and Ethnology
of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

## THE ROLE OF RELIGIOUS PRACTICES IN THE ADAPTATION AND SELF-DETERMINATION OF KYRGYZ YOUTH IN ISTANBUL

**Аннотация**. Стамбулда жүргүзүлгөн этнографиялык изилдөө кыргыз жаштарынын жаңы маданий жана социалдык чөйрөгө адаптациясына диний практикалардын тийгизген таасирин изилдөөгө мүмкүндүк берди. Диний иденттүүлүк жана мигранттардын адаптациясына байланышкан маселелер бүгүнкү күндө глобалдашуунун жана миграциялык процесстердин күчөшү менен өзгөчө актуалдуу болууда. Бул изилдөө жаштардын диний практикалары алардын түрк коомчулугуна интеграцияланышына кандайча көмөктөшөөрүн жана улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн сактоосуна кандай таасир этээрин талдоого алууга багытталган.

**Негизги сөздөр:** миграция, адаптация, диний практика, улуттук иденттүүлүк, диний иденттүүлүк, кыргыз жаштары.

**Аннотация.** Этнографическое исследование, проведённое в Стамбуле, позволило изучить влияние религиозных практик на адаптацию кыргызской молодежи в новой культурной и социальной среде. Вопросы религиозной идентичности и адаптации мигрантов становятся особенно актуальными в современном мире в условиях глобализации и усиления миграционных процессов. Данное исследование направлено на анализ того, каким образом религиозные практики способствуют интеграции молодежи в турецкое общество и в то же время помогают сохранять её национально-культурные особенности.